| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>ЫРЫС АЙЫЛ АЙМАГЫ<br>ЫРЫС АЙЫЛ КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК<br>ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

*«23» август 2023-жыл. №17/2* *Жар-Кыштак айылы.*

**ЫРЫС АЙЫЛ КЕНЕШИНИН VII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ XVII СЕССИЯСЫНЫН**
**Т О К Т О М У**

**Ырыс айыл өкмөтүнүн бюджетинин киреше жана чыгаша пландарына, өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодекси, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү" Мыйзамын жетекчиликке алып, Ырыс айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша пландарына өзгөртүүлөр киргизүү боюнча ФЭБ башчысы В.Алимжановдун билдирүүсүн, айылдык кеңештин бюджет, финансы жана экономика боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун 17.08.2023-жылдагы №11 протоколун талкуулап, Ырыс айыл кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 115-беренесин жетекчиликке алып, 2023-жылдын 7 айынын жыйынтыгы менен пландык көрсөткүчтөрдөн ашыкча жыйналган «салык агенти төлөөчү киреше салыгы» (11111100) беренеси боюнча бекитилген план 3000,0 миң сомго, «патент негизинде салык» (11122200) беренеси боюнча бекитилген план 1300,0 миң сом, «жер казнасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн жыйым» (14151200) беренеси боюнча бекитилген план 2200,0 миң сомго көбөйтүлсүн. Ал эми бюджеттик баланстуулукту сактоо максатында Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 48-беренесине ылайык, (70111) аппарат бөлүмү "имараттар жана курулуштар (ст.3111) 500,0 миң сомго, (70629) коммуналдык чарба бөлүмүн "дагы башка кызмат көрсөтүүнүн алуу" беренеси (ст.2215) АПШ, мамлекеттик акт алуу, технадзор кызматын төлөөгө кошумча 500,0 миң сом, "мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар" беренеси (ст.2221) 500,0 миң сом, "учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды алуу" беренеси (ст.2222) 160,0 миң сом, "имараттар жана курулуштар" беренесине (ст.3111) 2908,6 миң сомго, (70921) орто мектеп бөлүмү "мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар" беренеси (ст.2221) 526,4 миң сом, "учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды алуу" беренеси (ст.2222) 200,0 миң сом, "имараттар жана курулмалар" беренеси (ст.3111) 500,0 миң сомго, "машиналар жана жабдуулар" беренеси (ст.3112) 505,0 миң сом (70911) бала бакча бөлүмү "мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар" беренеси (ст.2221) 200,0 миң сомго көбөйтүлсүн.

2. Атыйын каражат «учурдагы жардам» (14232200) планы 18,0 миң сомго план көбөйтүрүлүп, аппарат бөлүмү (70111) "кызматтык кыдырууларга чыгаша" беренесин (ст.2211) 5,0 миң сом, "учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды алуу" (ст.2222) 13,0 миң сомго көбөйтүлсүн.

3. Бюджеттик кирешелерге жана чыгашаларга өзгөртүү киргизүү Финансы Министрлигинин Сузак башкармалыгынан суралсын.

4. Токтомду аткаруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысын милдетин аткаруучусу А.Эргашевке жана ФЭБ башчысы В.Алимжановго милдеттендирилсин.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет, финансы жана экономика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Н.Жусупбаевке милдеттендирилсин.

6. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Ш. М. Кадиркулов.**